Айбашова Тазагул Матраимовнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумдун

**№ 21 ПРОТОКОЛУ**

Бишкек шаары 15.11.2024.

**Катышкандар:**

1. Муратов А.Ж. (төрага) - п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Омурбаева Д.К. (окумуштуу катчы) – п.и.к. 13.00.02.
3. Батаканова С.Т. - п.и.д., профессор, 13.00.02
4. Бердибаева С.К. - псих.и.д., профессор, 19.00.07
5. Добаев К. Д. - п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Мукамбетова А.С. - п.и.д., профессор, 13.00.02
7. Перленбетов М.А. - псих.и.д., профессор, 19.00.01, 19.00.07
8. Рысбаев С. К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
9. Шакеева Ч.А. - псих.и.д., профессор, 19.00.01, 19.00.07
10. Чыманов Ж.А. - п.и.д., профессор, 13.00.02
11. Акматов К.К. - п.и.д., доцент, 13.00.02
12. Сыдыкбаева М.М. - п.и.д., доцент, 13.00.02
13. Үкүева Б.К. - п.и.д., доцент, 13.00.02
14. Хасанов Н.Б. - п.и.д., доцент, 13.00.02
15. Конурбаев Т.А. - псих.и.к., доцент 19.00.07
16. Ажиматов О.А. - псих.и.к., доцент 19.00.01
17. Закиров А. - псих.и.к. доцент, 19.00.01

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар**

1. Супатаева Э.А. - п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Абдухалидова Б. А.- п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун доц., 13.00.02
3. Нуркулова М. Р. - п.и.к, И. Арабаев атындагы КМУнун доц., 13.00.02
4. Куканова М. - п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
5. Раимбекова М. Р. – п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун доц., 13.00.02.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. **Айбашова Тазагул Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» (кыргыз тили)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумду төрага, п.и.д., профессор А. Ж. Муратов ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды. Айбашова Тазагул Матраимовнанын диссертациялык темасынын аталышы «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) деп аталат, иш Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 2021-жылдын 26-февралындагы №5 протоколунун чечими менен бекитилген. Илимий жетекчиси п.и.д., профессор Чыманов Жеңишбек Арыпович.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Добаев К. Д.
2. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Мукамбетова А. С.
3. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Сыдыкбаева М. М.

Отурумда төрага, п.и.д., профессор А. Ж. Муратов илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы Абдыкерим Жаркынбаевич жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Диссертациялык изилдөөбүздүн темасы «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деп аталат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы глобалдашуу мезгилинде билим берүү процессин демократиялаштыруу окуу процессин оптималдаштырууну, аны ата мекендик жана дүйнөлүк тажрыйбалар менен интегралдаштырууну өз алдына милдет кылып койду. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын максаты: адамдын сапаттуу билим алуу укугуна кепилдик берүү, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды тааныган инсанды ар тараптуу өнүктүрүү, ар бир адамга коомдун пайдалуу, кесиптерди эркин тандоо аркылуу эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү мүчөсү болуу мүмкүнчүлүгүн берүү болуп эсептелет. Ошондуктан учурда окуучуларды ата-бабалардан калган мурастарды бекем сактоо, анын ичинде эне тилди, этнопедагогикалык маданиятты кадырлоо, эстетикалык табитин жогорулатуу, элдик идеалдагы моралдык принциптер, адеп-ахлактык баалуулуктар менен тарбиялоо – мезгил талабы. Ушул аспектиден алганда, эне тилин, тилдин функционалдык стилдерин үйрөтүүнүн педагогикалык таасири абдан маанилүү.

Тил элдик идеологиянын жазылган, жазылбаган жашоо мыйзамдары, каада-салт, үрп-адат, элдик көз караш, ишенимдердин тарбиялоодогу оозеки (этнопедагогикалык) мектеби жашап, уңгулуу улуттун келечектеги түптүү урпактарын тарбиялоодо ченемсиз жүк көтөрөт. Дүйнөлүк цивилизацияга алмаштыргыс салым кошкон көркөм мурастарды жараткан мамлекеттик тил – улуттун иденттүүлүгүн аныктаган негизги фактор, чыныгы юридикалык маанисинде мамлекеттин аймагында коомдук турмуштун бардык тармагында мыйзамдуу түрдө милдеттүү колдонулуучу расмий тил. Тил кылымдар бою чачылган элдин башын бириктирген интегративдик милдетти аткарган, тилекке каршы, мамлекеттик тил мыйзамын кабыл алгандан кийинки бир топ мезгил ичинде тилибиз мамлекеттик тил катары бекем орун ээлей албагандай.

Темабызды изилдөөгө киришүүдө: **биринчиден,** мамлекеттик тил улуттук ой жүгүртүүнүн салттуу формасы экенине карабастан эне тилин окутууга басым жасалбагандыгы; **экинчиден,** эне тилинин статусун жогорулатуу

демилгеленип жатса дагы тилдин функционалдык стилдерин окутуунун методикасы жакшы системага салынбагандыгы; **үчүнчүдөн,** кыргыз тили боюнча мектеп мугалимдеринин тажырыйбалары көп болгону менен аларды илимий жактан жалпылап, практик мугалимдерге сунушталбагандыгы.

Көйгөйлөрдү, карама-каршылыктарды чечүүнүн проблемасын аныктап, изилдөөбүздүн темасы «**Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу**» деп аталды.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө программалары, изилдөө иштери менен байланышы**: диссертациянын темасы тилдик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана тарбиянын концепциялары, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын пландык иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты** – ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн, заманбап технологиялардын, талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү.
2. Мектептин 5-9-класстарында функционалдык стилдер боюнча окуучулардын билим сапатын жана билгичтик деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;
3. Жогорку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, аларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо;
4. Иштелип чыгып, сунушталган моделдердин жана методикалык усулдардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо. Педагогикалык эксперимент аркылуу текшерип, практикага сунуш кылуу.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү**: диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизинен түшүнүк берген киришүүдөн, үч баптан, алардагы корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (148), таблицалар - 12, сүрөттөр – 4 турат. Иштин жалпы көлөмү – 184 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын биринчи бабы “**Орто мектепте кыргыз тилинин стилдерин окутуунун жалпы маселелери,**” деп аталып, «стиль” жана “стилистика” түшүнүгүнүн пайда болушу, илим катары калыптанышындагы окумуштуулар ортосундагы тыянактуу пикирлер салыштырылып каралды. Лингвистикалык эмгектерде, тил сөздүктөрүндө “стиль” сөзүнүн түшүнүгү, азыркы учурда түрдүү маанилерде кеңири колдонулуп, архитектура, башкаруу, кийинүү, чарба жүргүзүүнүн, ж.б. стили болуп коомчулукта тармакташып кеткендигин “Кыргыз тилинин сөздүгүнүн” (Бишкек, 2010) маалыматтары менен тактыкталып берилди. Демек, окумуштуулардын “стиль” – жазуу кебин

жөнгө салуучу, кептин жеткиликтүүлүгүн жана таасирдүүлүгүн арттырууга кызмат кылган ыкма, лингвистикалык тармак деп аныкташканы далилденди.

Кыргыз тилинин мектептин базистик планында алган орду, окуу китептеринде функционалдык стилдер боюнча материалдык темалардын берилиши окуу программасы менен дал келиши программадагы темалар ирети менен салыштырылып, фукционалдык стилдерге программада каралган сааттарлык жагы анализденди.

Сабатсыздыкты жоюунун негизги куралы катары кыргыз тилинин тарыхында иш кагаздарынын айрым түрлөрүн окутуудан башталганы, 1929-жылы С. Наматовдун «Сабатсыздык жоюлсун» китеби кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюуда, кыргыз тилинин жазуу формасын, анын ичинде иш кагаздарынын калыптанып өнүгүшүндө да зор роль ойногон.

1966-жылдын 10-ноябрындагы КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин «Жалпыга орто билим берүүчү мектептердин иштерин андан ары жакшыртуунун чаралары жөнүндөгү» токтомуна ылайык кыргыз тилинин программасында «Сөз маданияты жана стилистика» бөлүмү 9-класска киргизилип, буга алгачкы жолу 13 саат бөлүнгөн. Программага ылайык 1968-жылы IX-X класстары үчүн окуу китебин Э. Абдулдаев, Б. Орузбаева жана А. Жапаров иштеп, стилистика жана сөз маданияты бөлүмү А. Жапаров тарабынан жазылганы айтылды.

Акыркы он жылдыкта стилистика маселесине дүйнөлүк тил илиминде, анын ичинде кыргыз тилинде жетишээрлик көңүл бурулуп, стилистика жана кеп маданиятын окутуунун зарылчылыгы, анын тилди үйрөтүүдөгү жыйынтыктоочу этап экендигин белгилөө менен мектепте функционалдык стилдерди окутуунун уюштурулушу, формалары, технологиялары жана методдору изилдене баштаган. Ошондуктан теориялык жана методикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы кыргыз тилин окутууну, изилдөөнү жаңы багытка бурат жана кыргыз тилинде стилистика маселесинин жогорку деңгээлде өнүгүшүн шарттайт деген ишенимдебиз. Бул аракеттер орто мектептерде да колго алына баштаганын белгилеп, мисал катары мектепте зат атооч, этиш сөз түркүмдөрүнүн айрым категорияларын стилистикага ыктап, айкалыштырып окутуу үлгүсү, методдору, ыкма, материалдары сунушталды.

**“Стилдерди окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталган экинчи бапта изилдөөнүн материалдары, методдору жана педагогикалык эксперименттин, иш-аракеттердин жыйынтыктары берилди.

**Изилдөөнүн объектиси -** жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-9-класстарында кыргыз тили предметин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектептердин ортоңку класстарында кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуу.

Диссертациялык изилдөөбүздүн материалдары катары КРдин Билим берүү мыйзамы, мамлекеттик, предметтик стандарттар, концепциялар, окуу программалары, алардын музмундук курамы, окуу китептери, методикалык колдонмолор, стилдер боюнча окумуштуулардын талдоолору, мугалимдердин иш тажрыйбалары, окуу-нормативдик документтер, кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектер талдоого алынды.

Методикалык эмгектерден С. Нааматов, К.К. Сартбаев, С. А. Давлетов, А. Идирисов, А. Иманов, А. Жапаров, Ж.Чыманов, К. Добаев, В. Сапарбаев, А. Мукамбетованын адабияттары талдоого алынып, жыйынтыктар чыгарылды. Биздин изилдөөбүздүн негизги максаты ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү болгондуктан, изилдөө ишибизде максатка жетүүгө өбөлгө болуучу методдорду аныктап, аларды натыйжалуу колдонууга аракеттер жасалды. Иште, негизинен, теориялык-практикалык жана педагогикалык эксперименттик методдор колдонулуп, төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылды.

***Биринчи, укуктук-нормативдик документтерди өздөштүрүү методу*** менен Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, кыргыз тилин эне тили катары окутуунун Мамлекеттик жана предметтик стандарттары, окутуунун соңку иштелип чыккан концепциялары, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн Улуттук программалары, окутуу-тарбиялоого, инсанды өнүктүрүүгө карата Президенттин соңку жарлыктары, кыргыз тилин окутуу программалары, мектеп документациясы (стратегиялык пландар, педсоветтин протоколдору, отчеттору, журналдары) талданып, изилдөө ишибизге маанилүү документтер даярдалды. Алынган маалыматтар аркылуу мектеп окуучуларынын фукционалдык стилдерди туура өздөштүрүү, колдонуу көндүмдөрүн жогорулатууга багытталган максаттуу иш-чаралар аткарылды, иш кагаздарынын стилин үйрөтүү жалпылаштырылды.

***Экинчи, илимий-методикалык булактарды үйрөнүү методунун*** илимий адабияттарды талдоо жана моделдөө методдорун колдоно алдык. Адабияттарды талдоо методу каралып жаткан проблеманын учурдагы абалын аныктоого жардам берсе, моделдөө методу негизги мектептин окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун моделин түзүү менен байланышта болду. Моделдөө методу түздөн-түз кабыл алуу мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берип, модель ийкемдүү болгондуктан, анын натыйжалуулугун экспериментте текшерүү да жеңил болду. Мектепте функционалдык стилдерди окутуунун моделин түзүүдөгү негизги максат: моделдин компоненттери мектеп окуучуларына стилдерди окутуу процессинин ички уюштурулушун – максатын, милдетин, уюштуруу формаларын ачып, ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүү туруктуулугун сакташына ынандык.

Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системаларында вариативдүүлүк принциби күч алып, педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну окуу тарбия процесстеринде тажырыйбалоо мүмкүнчүлүктөрүн турмушка ашыра алдык.

***Үчүнчү, практикалык тажрыйбаларды талдоо, аларды жалпылаштыруу методунда*** окуучуларга функционалдык стилдерди окутуунун натыйжасын, окуу-тарбия процессине киргизүү, аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун тыянагын негиздөө жана сунушталган методиканын эффективдүүлүгүн текшерүү болгон. Педагогикалык эксперименттин аныктоочу, үйрөтүүчү жана жыйынтыктоочу этаптары

мүнөздөлүп, жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлдү, теориялык ой корутундуларыбыз практикада кандайча ишке ашырылгандыгы тастыкталды. Эксперименттер аркылуу биздин сунуш кылган методика, иштеп чыккан сунуштар жана жоболор азыркы мектепте колдонууга ылайыктуу жана мугалимдердин сабактарынын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам бере тургандыгына ынандырды.

***Төртүнчү, эксперимент методу*** аркылуу биз проблема менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк алдык. Педагогикалык эксперименттин максаты – мектеп окуучуларынын стилдерди туура пайдалануу көндүмдөрүнүн алгачкы деңгээлин аныктоо, ал өзүнө милдеттүү түрдө маалымат топтоо, талдоо жүргүзүү жана системага келтирүү баскычтарынан турат, ал эми айтылгандарга таянып, биз корутунду чыгарууга мүмкүндүк алдык. Изилдөөбүздүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө диагностикалык методдордон: байкоо жүргүзүү; анкеталык сурамжылоо; тестирлөөметодун колдондук.

***Бешинчи, математикалык талдоо методу*** аркылуу мектеп окуучуларынын стилдерди туура пайдалануу көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдорун аныктаган ар бир этаптын конкреттүү максаты, ага ылайык милдеттери такталып, максат-милдетке жараша изилдөөнүн методдору тандалып алынды. Ар бир этапта жүргүзүлгөн иш-аракеттерден алынган натыйжалары тууралуу маалыматтар берилди. Окуучуларга стилдерди окутуунун заманбап модели теориялык жактан негизделип иштелип чыкты.

Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга илимий, практикалык методдордун комплексин тандап алууга негиз болду. Изилдөөбүздүн алкагында «Негизги мектеп окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун модели» мектептик практикага сунушталган. Педагогикалык эксперимент констатациялоочу, контролдук этабында сандык көрсөткүчтөрдү аныктоодо математикалык талдоо методу пайдаланылды.

**“Орто мектепте кыргыз тилинин фукционалдык стилдерин окутуунун методикасы”** деп аталган үчүнчү бапта окутуудагы усул-ыкмаларда заманбап мугалимдин компетенттүүлүгү, окутуунун жаңы технологиялары зарыл экенин эскертет.

Окутуунун технологиясы – XX кылымдын 50-жылдарынын аягында педагогикалык илимде салыштырмалуу пайда болгон жаңы багыт. Окутуунун жаңы технологияларына дифференцирлеп, концентирлеп, проблемалуу, модулдук, интеграциялап окутуу жана интерактивдүү окутуу, программалык тестирлөө, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиялары менен окутуу технологиялары кирип, окуучунун коммуникативдик ишмердүүлүгүн өстүрүүгө жардам берери тажрыйбаланды. Жаңы технологиялар, каражаттар (жасалма акыл кеңештери, туташ эмес тексттер менен иштөө) окуучулардын чыгармачыл, интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачат, ой жүгүртүүсүн өстүрөт, окутуу-тарбиялоо ишинде жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат. Иш кагаздарынын стандарттуулугу, хронологиялык жана логикалык ырааттуулук, кыскалык, тактык, түшүнүктүүлүк талаптары коюлуп, текстти окуган тарап бат, туура түшүнүүсүн шарттаган тил каражаттары, канцеляризмдери пайдаланылышына ылайык ар бир стиль боюнча сабактын иштелмелери даярдалып, эксперименталдык сабактар өткөрүлдү. Эксперименттин

калыптандыруучу этабында интерактивдүү, инновациялык, изилдөө усулдары, теориялык моделдин компоненттери практикаланды.

Функционалдык стилдердин ар биринин өзгөчөлүгү ар тараптан аныкталышы стилистиканын мүнөздүү өзгөчөлүгүн спецификалык бөтөнчөлүгүн туура түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Кеп стилдерин окутууда өзгөчө көз караш, иштиктүү аракет, коммуникативдик мамиле керек – деген окумуштуу Давлетовдун пикири менен бекемделди.

Жыйынтыктап айтканда, мектепте функционалдык стилдерди окутуунун методикасын өркүндөтүү кыргыз педагогика илиминин актуалдуу проблемасы экендигин көрсөттү.

## КОРУТУНДУ

Диссертацияда иштин максат-милдеттерине, божомолуна ылайык төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарды чыгардык.

**Биринчи милдет. С**тиль жана стилистика сөзүнүн теориялык түшүнүгү изилдеген окумуштуулардын тыянактарына салыштырылып, кыргыз тилиндеги мааниси такталды. Функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү боюнча дүйнөлүк, орус, казак, өзбек жана кыргыз педагогикасынын, психологиясынын, лингвистикасынын тарыхына назар салдык жана соңку педагогикалык жетишкендиктерге таянып, «стиль», «функционалдык стиль» деген теориялык-терминологиялык түшүнүктөрдү тереңдеттик, функционалдык стилдердин функциясын темага ылайык конкреттештирдик.

**Экинчи милдет. М**ектептин 5-9-класстарында функционалдык стилдер боюнча окуучулардын билим сапатын аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу милдети алынган. Бул багытта окуучулардын стилдерди үйрөнүп, талдоого кызыгуулары аныкталып, коомдогу кызматын аныктоодо стилдердин практикаланышы төмөндөп, мугалимдердин окутуу методикасы да өз деңгээлинде эместиги белгилүү болду. Функционалдык стилдерди окутуу боюнча методисттер Т. Аширбаев, А. Идирисов, А. М. Исраилова, Ж. Чыманов, Х. Кулалиева, Б. А. Абдухамидова, А.Токмомаметовдордун, мектеп мугалимдери З. Маразыкова, Г. Касымованын илимий-педагогикалык иш тажырыйбалары пайдаланылды. Бул изилдөөлөр стилдерди окутуу боюнча кыргыз педагогикасында башат бар экендигин көрсөттүү менен изилдөөбүзгө негизги материал болуп берди.

**Үчүнчү милдет: Ор**тоңку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, аларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо болду. Бул багытта билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, окуу программаларына, окуу китептерине, методикалык адабияттарга ж.б. изилдөөнүн методологиялык негиздерине таянуу менен функционалдык стилдерди окутуунун методдорун, ыкмаларын, каражаттарын, формаларын тактадык. Сабактардын иштелмелерин иштеп, өндүрүшкө сунуштадык.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Ааламдашуу учурунда балдардын ойлоо-байкоосун, коммуникациялык ишмердүүлүгүн калыптап, кеп байлыгын, жазуу маданиятын өстүрүүдө, биринчиден, стилдик каталардан арылтууну, экинчиден, сүйлөмдү туура түздүрүүнү колго алуу зарыл.
2. Мектеп мугалимдери функционалдык стилдерди турмуштук мисалдар аркылуу диагностикалап, дифференциялык, көрсөтмөлүү, практикалык методдор менен окуучунун оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө өзгөчө басым жасап окутуу сунушталат.
3. Кыргыз тилинин стандарттык программасында кеп стилдерин окутуу уланмалуу принципке негизделип сунушталса, окуу китеби праграмманын талабына ылайыкталып түзүлсө.
4. Ортоңку класстарда функционалдык стилдерди окутууга көбүрөөк маани берилип, саат өлчөмү да көбөйтүлсө. Орто мектептин 5-9-класстары үчүн кыргыз тилинде окуу-хрестоматияларды, функционалдык стилдер боюнча презентацияларды, тексттер жыйнактарын, анимацияларды иштеп чыгып, массалык нускада чыгаруу жагы мамлекеттин программаларына киргизилиши сунушталса.
5. Функционалдык стилдерди үйрөтүү процессинде азыркы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, кызыгуулары, ички талаптары, объективдүү жана субъективдүү факторлор эске алынса.
6. Жаңы технологиянын тынымсыз өсүшүн эске алып, жаңы метод-ыкмалар менен иштелген алдыңкы тажрыйбалар жыйнагы чыгарылып, практик мугалимдердин усулдук жардамчысы катары жайылтылса.

Көңүл бурганыңыздар үчүн, чоң ыракмат!

**Төрага:** Изденүүчү, сизге ыракмат. Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, эми кийинки этапка өтсөк, суроо бериңиздер, кимде суроо бар? М.С. Медеркуловна суроонузду бериңиз.

**Сыдыкбаева М.М.:** Тазагул Матраимовна, сиз С. Давлетовдун окутуу методдоруна кайрылыпсыз, практикалык маанисин жакшы айттыңыз. Самак Давлетов агайдан биз дагы окуп калдык. Суроо берейин дегеним, С. Давлетовдун методдоруна кандай жаңы методдорду кошумчаладыңыз? Экинчи суроом: Иш кагаздарын сапаттуу жазууга үйрөтүүдө кандай методдор менен иштеп, изилдөө ишиңизге кандай салым кошо алдыңыз?

**Изденүүчү:** Мира Медеркуловна, суроонузга ыракмат! Давлетов агайдын кыргыз тилинин методикасын калыптандыруучу бир нече методдорду киргизиши, ал методдор ушуга чейин натыйжалуу окутулуп келгени анык. Бул методдорго биз интерактивдүү, идентивдүү, инновациялык жана интеграциялап окутуу методдорун кошумчаладык. Интерактивдүү методдо окуучу менен баарлашуу, түшүнүшүү, жеке, жупта, топто иштөөгө мүмкүнчүлүк берүү, презентациялоо менен өзүн-өзү ачуу, өз алдынча изденүү, бири-биринин оюн сыйлоо, угуу, чогуу тыянак чыгарууга жетишти. Табияты жакын предметтерди интеграциялап окутуу кошумчаланып, тыянактуу пикир жаралды.

Иш кагаздарын сапаттуу жазууга үйрөтүүдө, биринчиден, илимийлүүлүк принцибинин негизинде теориялык методду пайдаландык. Анткени окутуучуда жетишерлик теориялык билим болбосо, максат толук аткарылбайт. Экинчиден,

көрсөтмөлүүлүк принцибинин негизинде проблемалык баяндоо методу, аз-аздан изденүү, изилдөө методдору пайдаланылды. Класстын көлөмүн, окуучулардын билим деңгээлин эске алып, жеңилден оорду көздөй проблемадарды турмуштук жагдай менен байланыштырып аз-аздан изденип, репродуктивдүү метод менен максатка жеттик. Репродуктивдүү метод аркылуу продуктивдүүлүккө жетишүү сабаттуулуктун негизи болот деп эсептейбиз.

**Төрага:** Кийинки суроону п.и.д., профессор. Батаканова С. Т. берет.

**Батаканова С. Т.:** Тазагул Матраимовна, изилдөө ишиңиздин темасы актуалдуу, мен сизге үч суроо берейин:

1. Изилдөө ишиңизге кандай жаңылык киргизе алдыңыз?
2. Сизге чейин бул темада корголгон диссертациялык иштер болгонбу, болсо, кимдер экенин айтып өтсөңүз?
3. Диссертациялык изилдөөңүздө кандай кыйынчылыктар болду?

**Изденүүчү:** Светлана Топчуевна, суроонузга ыракмат!

1-суроо боюнча, изилдөөбүздө, эне тилин окутууда, кыргыз тилиндеги функционалдык стилдердин кызматын, өзгөчөлүгүн, өз ара карым-катышын, ич ара байланышын айкалыштырып, интеграциялап окутуу, байланыштуу кеп (текст), кептин түрлөрүнөн кеп стилин ажыратып кароодо стилдердин максат-милдетин, коомдогу маанисин, тейлеген чөйрөсүн, тил каражаттарын, укуктук күчүн, расмийлүүлүгүн ажыратып кароо менен ар бир стилди жиктеп окутуунун ыкма, методдорун, окутуу принциптерин көрсөтө алдык. Бул кеп стилдерин окутуудагы негизги багыт десек болот.

2-суроо - бизге чейин функционалдык стилдерди илимий-теориялык жактан изилдеген бир нече изилдөөлөрдү айтса болот, бирок кеп стилдерин окутуунун усулдары боюнча илимий изилдөө жүргүзгөнүн жолуктура албадым, жок.

3-суроо- изилдөөбүздөгү негизги кыйынчылык кеп стилдери, алардын табияты, коомдогу кызматы, айырмачылыгы жөнүндө мектеп мугалимдеринин теориялык билимдеринин тайкылыгы, усул-ыкмаларынын жетишсиздиги, окуучулардын стилдер жөнүндөгү туруксуз, баш аламан билимин системалаштыруу кыйынга турду. Ушул көйгөйдү жеңилдетүү максатында “Иш кагаздарын окутуу” деп аталган усулдук колдонмо иштеп чыктык, семинарларды өткөрүүгө жетиштик, мугалимдерге усулдук-теориялык жардам бердик.

**Төрага:** Кийинки суроого өтөбүз, Рысбаев С. К.

**Рысбаев С. К.:** Менин Тазагул Матраимовнага үч суроом бар.

- Функционалдык маани, эмне үчүн функционалдык стилдер деп аталат?
- Кеп стилдерин окутууга саат өлчөмү көбөйтүлсө дедиңиз, саат саны көбөйтүлсө эле үйрөтүү натыйжалуу болуп кетеби, же окутуунун башка жол, методдорун иштеп чыгуу керекпи?
- Кептин түрлөрү менен кептин стилдерин айкалышта окутууну кандай түшүнөсүз?

**Изденүүчү:** Сулайман Казыбаевич, суроонузга ыракмат!

Функционалдык маани – кептин коммуникациядагы, коомдогу, мааниси. Функционалдык стилдер деген кептин коомдогу маанисин учурга, жагдайга, чөйрөгө ылайыктап туура тандап сүйлөө, ылгап пайдалана билүү деп

түшүнөм. Кептин коомдогу кызматына жараша функционалдык стилдер деп аталып, алар өз ара бешке бөлүнөт.

Кеп стилдерин окутууга, биринчиден, тилдин грамматикасына же байланыштуу кепке кошулуп аз гана саат берилген, алар байланыштуу кептин бир бөлүгүндөй гана кыска окутулуп келген. Айтайын дегеним, стилдин кайсы түрү берилбесин материалдын көлөмүнө, мазмунуна ылайык атайын саат өлчөмү бекитилсе, экинчиден, стилдерди окутууда натыйжалуу принциптер, методдор иштелип чыкса, пайдаланылса, үчүнчүдөн, стилдерди окутууда мектеп мугалимдерине теориялык жана методикалык жардам көрсөтүлсө, тыкыр иш жүргүзүлгөндө гана натыйжага жетебиз.

Ортоңку класстарда кептин түрлөрү менен кептин стилдерин айкалышта окутуу натыйжалуу жыйынтык берет. Анткени ар кандай текст кайсы бир стилдин негизинде жазылат, б.а. стиль тексттин ичинде жашайт. Тексттин мазмунун стили менен байланышта талдоо, көрсөтмөлүүлүк, оптималдуулук принциптеринин негизинде теориялык жана изилдөө методдорун пайдаланып окутуу окуучуларды жугумдуу билимге ээ кылат.

**Төрага:** Суроону Мукамбетова А. С. сиз бериңиз.

**Мукамбетова А. С.:** Изденүүчү Тазагул Матраимовнага үч суроом бар.

1. Функционалдык маани тилдин башка бөлүмдөрүнө да тиешелүү болобу?
2. Иш кагаздарын окутууда мугалимдерге кандай көмөк көрсөттүңүз, же пландаштырып жатасыз?
3. Функционалдык стилдерди окутууга саат өлчөмү жетишсиз деп жатасыз, бул фактыны эмненин негизинде айтып жатасыз?

**Изденүүчү:** Айгүл Садырбаевна, суроонузга ыракмат!

1-суроого - Функционалдык маани тилдин бардык бөлүмдөрүнө тиешелүү. Мисалы, лексикада бир сөздүн бир канча мааниде керектелиши: "кел" деген сөздүн лексикалык мааниси түрдүү жагдайда, түрдүү маанайда айтылышы же фонетикада "жакшы" деген сөздү суроо, таң калуу, какшык же түз мааниде колдонсо болот. Морфологиялык сөз курамындагы - поз мүчөсү оң, кээде терс маанидеги сөздү жасоого жөндөмдүүлүгүн алса болот: ашпоз, илимпоз-оң. Бекерпоз, кумарпоз-терс маани берет.

2-суроого - Иш кагаздарын окутууда мугалимдерге жардам катары областтык мугалимдердин чыгармачылык борборуна келген областтын аймактарынан келген мугалимдерге семинар өтөм, "Иш кагаздарын окутуу" усулдук колдонмону сунуштадык, алдыдагы пландар шаардык, айылдык мектеп мугалимдерине, курсанттарга семинар өтүүнү жандандырууну пландап жатабыз.

3-суроого - Функционалдык стилдерди окутууга саат өлчөмүнүн жетишсиздигин 1992-1993-жылдардан берки 2023-жылдагы кыргыз тилинин мамлекеттик стандарттуу программасынын негизинде айтып жатам. Анткени 1992-1993-жылда байланыштуу кеп менен бирге аз, кийин 2000-жылы 5-8-класстарда стилдер такыр киргизилбеген, 6-7-класстарда иш кагздарынын жөнөкөй, өздүк формаларына ынанымдуураак саат берилген. 2023-жылдагы программада **5-9-класстарда «грамматикадан-кепке»** жана **10-11-класстарда «кептен-грамматикага» аттуу** эки концентрден турган технология киргизилген. Кандай болгондо дагы функционалдык стилдердин негизги

мазмунун, окшош-айырмалуу жактарын, ар бир стилдин өзгөчөлүгүн өздөштүрүп алып, анан кийинки этаптарга өтпөсө, айкалыштырып окутууга саат өлчөмү жетишпейт, китептеги материалдар дагы каралышы керек деп санайбыз, себеби бул практикаланган.

**Төрага:** Навруз Баратович, суроо бериңиз.

**Хасанов Н.Б.:** Тазагул Матраимовна, функционалдык стилдерди окутууда кандай методдор ыңгайлуу болду, кандай натыйжаларды берди?

**Изденүүчү:** Навруз Баратович, сурооңузга ыракмат! Кеп стилдерин окутууда, биринчиден, изилдөөнүн теориялык методу, теориялык база болбосо, билим болбойт. Экинчиден, уланмалуулук принципке негизделген дифференциялык, проблемалык окутуу, турмуш менен байланыштыруу, интерактивдүү методдору оң натыйжа берди. Анткени окутууда ирееттүү, ылайыктуу методдор менен аракеттенгенде гана иш натыйдасын берет.

**Төрага:** Кыялбек Камутович, суроо барбы?

**Акматов К. К.:** Ооба. Тазагул Матраимовна, окуучулардын кебин өстүрүүдө окутуунун көндүмдөрүн кантип калыптандыруу керек?

**Изденүүчү:** Кыялбек Камутович, сурооңузга ыракмат!

Окуучулар менен аңгемелешүү, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү дифференциялык метод менен оозеки каалоо айт, телефондо оюңду кыска, так жеткир, сүрөттү карап текст түз, туташ эмес тексттен туташ текст жарат, кат жаз деп, негизги таяныч менен кырдаалдык факторлорун белгилеп берүү аркылуу кебин өстүрсө, коммуникациялык ишмердүүлүгүн калыптаса болот.

**Төрага:** Суроолор кимде калды? Т. А. Коңурбаев, суроонуз болсо бериңиз?

**Коңурбаев Т. А.:** Тазагул Матраимовна, сизге эки суроом бар.

1. Эксперимент жүргүзүүдө кандай методдорду пайдаланып ийгиликтерге жеттиңиз?

2. Стилдик сабаттуулуктун деңгээлин кантип аныктадыңыз?

**Изденүүчү:** Тууганбай Абдырахманович, суроонузга ыракмат!

1-суроого - Эксперимент 3 этаптан турду: аныктоочу этабында тестирлөө, анкетирлөө, сурамжылоо усулдары пайдаланылып, окуучулардын стилдик билим деңгээли текшерилип алынды. Жыйынтык анализденди, эксперименттик жана текшерүүчү топтор түзүлүп, кийинки этаптар пландаштырылды. Калыптандыруучу этабында диагностиканын негизине ылайык теориялык изилдөө, дифференциялык жана проблемаларды изилдөө методдору керектелди. Текшерүүчү этабында маалыматтарды талдоо, систематизациялоо, математикалык талдоо методдору менен жыйынтыкталды.

2-суроого - Стилдик сабаттуулуктун деңгээлин анкетирлөө, сурамжылоо, аңгемелешүү усулдарын пайдаланып диагностикалап алдык. Жыйынтыкка карап окутуу ыкма-методдору тандалып колдонулду.

**Төрага:** Изденүүчү Тазагул Матраимовна, илимий ишиңизде россиялык окумуштуулардын изилдөөлөрүн, эмгектериндеги тыянактарды жакшы карапсыз, коңшулаш Өзбек, Казак республикаларынын стилистика боюнча изилдеген окумуштуулардын эмгектерине кайрыла алдыңызбы?

**Изденүүчү:** Абдыкерим Жаркынбаевич, суроонузга ыракмат!

Сиз айткан Өзбек, Казак республикаларынын окумуштууларынын эмгектерин карабаппыз, кечиресиз, сөзсүз карап коёбуз.

**Төрага:** Автрефераттын 16-17-беттиндеги таблицаларды сүйлөтүү керек, тырмакчалар ар түрдүү коюлган, аны караңыз, 3-беттеги "*тил саламаттыгы кайда калат*" деген сүйлөм илимий стилдин талабына жооп бербейт, 20-бетте окумуштууларды өтө көп берүүнүн кажети жок деп эсептейм, авторефератты кайрадан түзөтүүгө туура келет, аларды кайрадан карап чыгыңыз.

**Изденүүчү:** Абдыкерим Жаркынбаевич, ыракмат, кайрадан карап чыгабыз.

**Төрага:** Алынган жооптор канааттандырарлык болду. Эгер суроолор калбаса, кийинки сөз илимий жетекчиси профессор Жеңишбек Арыповичке берилет.

**Чыманов Ж. А.:** Урматтуу кесиптештер, алдын ала коргоого коюлган иш баарыбыз сыйлаган, стилистика илимине эмгек сиңирген Т. Аширбаевдин жетекчилиги менен бир топ жыл мурда башталган экен. Иш Оштон талкуудан өттү, айтылган пикирлерди түзөтүүгө жетишти, эми сиздердин алдыңыздарда талкууланып жатат. Функционалдык стилдерди окутуу боюнча изилдөө алгачкылардан болгону менен бир канча ачылыш жасады десем болот. Кеп стилдерин окутууну изилдөөгө изденүүчүнүн мүмкүнчүлүгү жетет, потенциалы бар, темага белгилүү деңгээлде кирген, коргоого сунушталса болот.

**Төрага:** Тазагул Матраимовна, сиз отура берсеңиз болот. Эксперттердин пикирин угалы, баштай берсеңиз болот.

**Мукамбетова А.С.:** Диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген Тазагул Матраимовнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча "Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин (Д13.23.673) профилине туура келет. Иште окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү орто мектептердеги ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн талабына ылайык окутуунун бирдиктүү системасы түзүлүп, теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү бир нече этапта иш алып барган, эксперимент жасоодо методдор туура тандалып алынган.

Изденүүчүнүн тандап алган темасы азыркы окуу процесси үчүн маанилүү. Анткени окуучунун тили келегей, мамилеге чорт, сөздүн түз, өтмө маанилерин түшүнбөйт, сөз сөөлөтүн көрсөтүүчү каймана, какшык маанилер окуучулар арасында колдонулбай калгандай, ошол актуалдуу проблеманы көтөрө алган. Коом талап кылган сүйлөө жана жазуу стилдерин окутууга педагогика илиминде акыркы он жылдыкта функционалдык стилдерди окутуу проблемасын көтөргөн изилдөө иши болбогондугун, ошого карабай изденүүчү изилдөө ишине белсенип киришкендиги бир топ колдоого аларлык маселе экенин баса белгилейм.

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына, милдеттерине дал келет.

Айрым мүчүлүштүк катары диссертациялык иштин 1-бап, 2-бөлүмүндө методикага тешеси жок кыргыз тилинин грамматикалык эрежелерин теориялык

негизге алып келсе, экинчиден, 2-баптын 2-бөлүмүндөгү метологиялык жана методдорду изилдөөлөргө толуктоо киргизүү зарыл деп эсептейм. Белгиленген сунуштар аткарылгандан кийин изилденген ишти коргоого сунуш кыламын.

**Төрага:** Дагы бир эксперт Сыдыкбаева М. М.

**Сыдыкбаева М.М.:** Тазагүл Матраимовнанын диссертациялык изилдөөсүндө кыргыз тилин окутууда өзгөчө мектеп окуучуларынын жазуу маданиятына, функционалдык стилдерди заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун илимий дидактикалык негиздеринин илимий-методикалык жол-жоболорун атайын изилдөөгө алган.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, теориялык баалуулугунда көрсөтүлгөн ыкмалар, функционалдык стилдерди окутуу боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет, методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууга да багыт көрсөтөт.

Изилдөөдөгү айрым мүчүлүштүктөр катары 1-баптын 17-бетинен 23-беттери темадан алыстап кеткен. Пайдаланылган адабияттарга жаңы усулдук колдонмолор кошумчаланса. Көрсөтүлгөн кемчиликтер иштин жалпы аткарылыш деңгээлин, мазмунун алсыратпайт. Ишти орто мектептерде функционалдык стилдерди окутууну калыптандыруу, үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздерине арналган, актуалдуу тема, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз эксперт К. Д. Добаевге берилет.

**Добаев К. Д.:** Тазагул Матраимованын изилдөө иши – татаал тема. Стиль – илимдин чокусу. Стандарттарда стиль көрсөтүлбөйт, себеби стиль тилдин бардык бөлүктөрү окутулгандан кийин окутулат. Бизде стиль боюнча теориялык негиз аз. Тазагул стилист Т. Аширбаев менен иштешип калган экен, тилдин оор бөлүмүн изилдептир, тажрыйба жүргүзүп, стилдерди окутуунун метод-ыкмаларын системалаштырыптыр. Бул жерде изденүүчүнүн эмгеги чоң, алгачкы изилдөө катары коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз Навруз Баротовичке берилет.

**Хасанов Н. Б.:** Тазагул, авторефераттын 12-13-беттериндеги таблицанын ордуна 5-6-класстарына берилген саат санын жаз, башка сөзүм жок, коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз Светлана Тойчуевнага берилет.

**Батаканова С. Т.:** Чындыгында стилдердин теориясы боюнча изилдөөлөр бар, методикасы жок экен, бул карлыгач болуп жатыптыр, Тазагул Матраимованын изилдөө ишин колдойм, коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз Кыялбек Камутовичке берилет.

**Акматов К. К.:** Теманын актуалдуулугунда талаш жок, иште иш кагаздар стилине басым жасалган. Албетте, иш кагаздары алигиче бир нукка түшө элек, өтө маселе көп, буга диссертацияда көп көңүл бурулган. Бул жагынан карап, илимий жагын нормага салыш керек. Ишти колдойм, коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз Тууганбай Абдырахмановичке берилет.

**Коңурбаев Т. А.:** Авторефераттын 18-бетиндеги таблицаны жазуу менен түшүндүрүп, материалдарын толук берүү керек, ошону толукта. Башка сөз жок, диссертациялык ишти колдойм, барыңыздарды колдоого чакырам.

**Төрага:** Сөз Сулайман Казыбаевичке берилет.

**Рысбаев С.К.:** Байланыштуу кепти программага 1988-жылы С. Давлетов киргизген, 1997-жылы А. Жетимишев программага кошумчалаган, ошондон бери окутулуп келе жатат. Менимче, стилдерди окутуу деген тема кала берсин, стилдерге үйрөтүү деп, стилдерди талдоо, текстке үйрөтүү болсо, иштин мазмуну туура болчудай. Иш коргоого татыктуу, коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Эксперттердин жыйынтыгын уктук, онлайнда отурган п.и.д., профессор А. Закиров дагы коргоого сунуш кылганын жазды. Анда бул ишти коргоого кабыл алалы. Диссертациялык ишти диссертант, илимий жетекчи, эксперттер сунушталган пикирлерди толуктоого алсын.

Диссертант коргоого иштин темасына дал келген 3 илимий-методикалык колдонмо менен келген, буга чейин мындай келген изденүүчү болгон эмес, бул – жакшы.

Эми, тема – жазуучуга, филологго, мугалимдерге керек эмгек, жогорудагы айтылган сунуштарды мыктап караңыз.

Биз, эксперттер кеңешип, **биринчи расмий оппонент** катары КББАнын башкы илимий кызматкери, п.и.д., профессор **Добаев Кыргызбай Дуйшебаевич** - шифри - 13.00.02 сунушталат. Анын бул темага жакын эмгектери бар. **Экинчи расмий оппонент** БГУнун кызматкери **Сагынбаева Гулира Ишемакуновна** – п.и.к., доцент, шифри – 13.00.02 сунушталсын.

**Жетектөөчү мекеме катары:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч жана мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу, кыргыз тили жана адабияты кафедралары.

Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени бекитүүнү колго алып, добуш берип койсок. Каршы, калыс жок, баары макул, добуш кабыл алынды. Рахмат, баарыңыздарга!

Изденүүчү **13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Айбашова Тазагул Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталсын.

**Бардыгы - 17. Макул - 17, каршы - 0, калыс - 0.**

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторду, талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңештин отуруму

# ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Айбашова Тазагул Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу»** деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Айбашова Тазагул Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

Жыйындын торагасы,
п.и.д., профессор: А.Ж. Муратов

Жыйындын катчысы,
п.и.к., доцент: Д.К. Омурбаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ